
# ОШ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ТОЛГОО

# ШААР ЖҮЗҮНӨ САРЕСЕП

Ош тээ илгертен эле шар аккан Ак-Буура дарыясы, сулуунун жүзүндөгү калыңдай калаага көрк берип турган Сулайман тоосу, кооз, көрком жаратылышы, тарыхый эстелик жайлары жана да ыйыктуулугу, касиеттүүлүгү менен өзүнө көңүлдү таазим эттирип келген. Билерман аалымдардын айтымында дүйнөдө мындай, чок ортосун бөлүп өткөн дарыясы менен шаңкайган тоосу бар Оштой кудай таала жараткан кутман жер жок экен.

Ош-тарых барактарына, окуяларга ото



жыш, бай. Ош жөнүндө орто кылымда эле араб, кытай, тилдеринде нечен эскерүүлөр, жазуулар болгон. Оо мурда биздин доордун 15-кылымына чейин эле карым-катнаш, соода-сатык жибек жолу да ушул Ош аркылуу өткөн. Араб, Кытай, Индиянын жана Европанын жер кезген соодагерлеринин да баскан жолу, алдым-саттым соода түйүнү да ушул жерде болгон. Оштун тарыхы жөнүндө азыр көзү тирүү, чоң тарыхчы окумуштуу Ю.А.Задиепровский терең изилдөөлөрдү жүргүзүп келип, анын тиги Самарканд, Бухара, Хива Ходжент өңдүү шаарларга караганда жашы улуулугун, байыркылыгын баса айтты. Ал эми Амир

башталды десек болот. Дагы бир белгилей турган иштердин бири 3000 жылдык мааракени өткөрүүгө катышуу үчүн облустун губернаторунун колу коюлган Кайрылуу каты КМШнын 9 өлкөсүнүн 15 шаарына жана алыскы 12 чет өлкөнүн 15 шаарына, республикабыздын облустарына, район-шаарларына жөнөтүлдү. Ошол Кайрылууга жооп кылып бул улуу той-мааракесине карата айрым шаарлардан, мекеме-ишканалардан боордоштук жардамдардын салымдардын келип жатышы албетте колдоого аларлык иш. Маселен, Бишкек шаарынын мэри тарабынан Сулайман тоодогу үңкүр музейди реконструкциялоо үчүн 500 миң сом бөлүнүп берилди. Ал эми "Кыргызэнергохолдинг" ишканасы "Анар" чакан районуна электр подстанциясын куруу үчүн 1,7 миллион сом ажыратса, Чүй облусу Ош ипподромунун имаратын курууга милдеттенди.

Оштогу/Чыгыштын эң байыркы Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата даярдыктар жүрүп жатат. Ошол биз күткөн, көздөн учкан 2000-жылдын караанын алыс эмес, көрүнүп турат.

Ош шаарына сырттан келген меймандар ириде анын, көрком жайларына, тазалыгына, аллея, парктарына жолдоруна,

айтылган сөздө жазылган ой-пикирлерге ыкчам реакция жасоо, жыйынтык чыгаруу, коомдук пикирлерди иликтөө, үйрөнүү жагында көп эле ыкшоолук, принципсиздик бар экендигин тана албайбыз. Айталы, өткөн бир ой толгоомдо (22-январь, 1997-жыл, "Ош жаңырыгы") Оштун бүгүнкү келбетине ой жүгүрткөм. Анын айдай жүзүн кирдеткен кемчилик, мүчүлүш жактарын айткам. Тагыраак айтканда, макалада кебетеси келишпи, самтырап кир кийинип жүрүшкөн жүдөгөн кайырчы, ололу балдардын ал-абалы, анан да базарда бура бастырбай эски-уску кийимчен, жүдөө, өздөрү эптеп жасатып алган учурдун талабына түк шайкеш келбеген, стандартсыз темир арабаларды сүйрөп жүргөн кыргыз жигиттери, үч-төрттөн ар бир бурулушта топтолуп олтурган өтүк майлоочу жаш жеткинчектер, алардын бүгүнкү тагдырлары жөнүндө ой-пикирлер айтылган эле. Ушул шаарга өзүнчө көлөкө темгил так түшүрүп турган жанагы биз айткан көрүнүштөр бул тапта азаймак түгүл кайра көбөйдү. Эми аларга поезд жолдун боюндагы кочодо эмдагы чабалекейдей болуп олтурган маңдикер жигиттердин "армиясынын" кошулуп олтуруш да коомчулукту тынчсыздандырбайт бекен? Рыноктук экономика. Кантип болсо да акча тапсак болду деген принципте жашай берүү бир беткейлик, андан сырткары жапы маданият, шаар тартиби, адам турмушу, укугу, эл тагдыры деген күн тартибиндеги актуалдуу маселелер бар эмеспи?

Дагы бир сөз, 3000 жылдын босогосунда шаарыбызды кооздойлу, көрктөндүрөлү деп жатпайбызбы. Ушул өңүтүнөн алганда калаабыздын уруттуктуу, көз көрүнөө жерлерине кыргыз жаратылышынын кооз, көрком аймактарын чоң полотнодо тартып көрсөтүүгө эмнегедир маани бербей

товарлары минтип чексиз өлик кылып жатышы, рекламаланышы жергиликтүү атуулдарды намыстандырбайт, ичин күйгүзбөйт бекен? Ырас, ага дагы бироолор шаардын чөнтөгүнө ошол сүрөт, рекламалар үчүн шыгыраган доллар куюлуп жатпайбы. Рыноктук экономиканын шарты ушундай. Заман байыгандыкы", дешп да мүмкүн.

"Колдо бар алтындын баркы жок" дегендей дагы бир кеп. Шаардын көрком, кооз жайлары, эстеликтери, кымбат буюмдары көп учурда өз деңгээлинде бааланбай, кастарланбай, көңүл сыртынан кетип жатат десек ашыкче кеткендик эмес. Сөз куру болбосун, мисалга кайрылалы. Айталы, Оштогу кыргыз драма театрынын алдына орнотулган үч кабаттуу Ак өргөөгө ушул тапта көз таштап көрдүңүзбү? Ал маалында "Манастын 1000" жылдык мааракесинде коюлган көргөзмөлөрдүн, тигилген үйлөрдүн эң алды болуп, өз көркү, жасалгасы менен өзүбүздү эле эмес, башка өлкөлөрдөн келген меймандарды да "балли" дедиртип, таңгандырган. Кыргыз калкынын уз чеберлерине чоң аброй, сый алып келген болчу. Ошо учурунда канча эмгек, канча каражат менен тикеленген. Ак өргөө эми кебетеси кетип, үч кабаттуу алачыкка айланып туру. Анын үстүндөгү жабылган кийиздери ар кайсы жерден тешилип, күбө жеп, жабуусу түшүп, ачык калган. Ал эми бейбаш балдар кире бериштеги "арстандарынын" бироосунун башын жулуп кеткен. Жаан-чачында ачык жерлеринен суу сарыгып кирип, килем, оймо-чиймелердин оңу өчө баштаган. "Эшигин көрүп, төрүнө өт" дегендей бул боз үйгө эми баягыдай суктанып келип көрүшкөн адамдардын катары да суюлган. Анда иштеп олтурган кыз "баарысы эле билишет, абалыбыз ушундай. Бул үйдү эми караган, камкордук көргөн мекеме- ишкана жок", деп кейиштүү сөз кылат. А чындыгында эле шаар



